| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ<br>КЕҢ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕН-ТАЛААСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# Кең-Талаа айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын кезектеги IX-сессиясынын

## № 39 Т О К Т О М У

**Бешкент айылы** **14 октябрь 2025-жыл.**

### Кең-Талаа айыл аймагындагы социалдык мекеме ишканалардын тирикчилик таштанды калдыктарын ташып чыгаруунун тарифин бекитип берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 11-пунктунун негизинде Кең-Талаа айыл аймагындагы социалдык мекеме ишканалардын тирикчилик калдыктарын ташып чыгаруунун тарифин бекитип берүү жөнүндөгү "Достук"МИ жетекчиси И.Тиллабаевдин 2025-жылдын 14-октябрындагы сунуш катын угуп жана талкуулап Кең-Талаа айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кең-Талаа айыл аймагындагы социалдык мекеме ишканалардын тирикчилик калдыктарын ташып чыгаруу үчүн, ай сайын төмөндөгүдөй жыйымдар алынуусуна макулдук берилсин:
   Мектептерден -2500сом
   Больница-2500сом,
   ГСВ-2500сом,
   Бала бакчалар-2500сом,
   Юридикалык мекемелерден-2500сом.
2. Кең-Талаа айыл аймагынын айылдарында жайгашкан имараттардын ээлеринен төмөндөгүдөй жыйымдар алынсын:
   а) Ишкердик иш үчүн пайдаланылбаган турак жайлардын ээлеринен (ар бир түтүндөн) – айына 100 ( жүз) сом;
   б) Ишкердик ишке арналган чоң аянттуу (100 чарчы метрден өйдө) коммерциялык имараттардан (соода борборлору, курулуш материалдарын саткан соода түйүндөрү, тез татым жайлары, жер-жемиш саткан жайлар, кичи ишканалар ж.б.) ээлерине – айына 500 (беш жүз) сом;
   в) Кичи аянттагы (100 чарчы метрге чейин) соода жайларынын (контейнер, ларёк, павильон ж.б.) ээлеринен – айына 200 (эки жүз) сом.
3. Кең-Талаа айыл аймагында жайгашкан полигонго таштандыларды ташып келген унаалар үчүн кирүү акысы төмөндөгүдөй белгиленсин:
   г)Жеңил автоунаалар үчүн – 300 (үч жүз) сом;
   д)Жүк ташуучу чоң автоунаалар үчүн – 500 (беш жүз) сом.
4. Бекитилген тарифтер боюнча элге түшүндүрүү иштерин алып баруу, Кыргыз Республикасынын Бааларды жөнгө салуу, боюнча мамлекеттик агенттиги менен макулдашуу, Кең-Талаа айыл өкмөтүндөгү "Достук" муниципалдык ишканасынын директору И.Тиллабаевге милдеттендирилсин.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Кең-Талаа айылдык кеңешинин «Муниципалдык менчик, акы төлөп кызмат көрсөтүү жана жер маселелери боюнча» туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы: Б .Жумабайев.**